**ОшМУнун Табият таануу жана география факультетинин №9**
**Окумуштуулар кеңешинин протоколу**

25.06.2021 Ош шаары, ,
ТТГФ нин окуу залы, 208-аудитория

**Катышты:**

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү - 27
Катышканы – 23
Себептүү катышпаганы – 4
Себепсиз катышпаганы – жок

**Күн тартибинде:**

1.Табият таануу жана география факультетиндеги тарбиялык иштердин абалы жана аны жакшыртуунун чаралары (Тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары Султанов Ж.М.).
2.Билим берүү программасынын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү процедурасын кайра карап чыгуу (Программа жетекчилери, бакалавр, магистр).
3.Табият таануу жана география факультетинин, кафедралардын веб сайты ж.б. маалымат ресурстарынын абалы, ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн ачыктуулугу жана жеткиликтүүлүгү (Кафедра башчылары).
4.Окумуштуулар Кеңешинин 2020-2021-окуу жылында кабыл алынган чечимдеринин аткарылышы жөнүндө (Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор А.Г.Низамиев).
5.Көз карандысыз аккредитациядан өткөн билим берүү программаларындагы кемчилдиктерди жана сунуштарды талкуулоо, иш пландарды иштеп чыгуу (Комиссия).
6.Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

**1. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, Табият таануу жана география факультетинин деканы, профессор Низамиев А.Г.:** Окумуштуулар кеңешинин 27 курамынын ичинен 23 мүчө катышып жатат. Демек, кворум бар. Окумуштуулар кеңешин баштоого добуш бериңиздер.
Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

Макул – 23;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

1. Рахмат! Урматтуу коллегалар, Табият таануу жана география факультетиндеги тарбиялык иштердин абалы жана аны жакшыртуунун чаралары боюнча сөз кезегин тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары, окутуучу Ж. М. Султановго беребиз.

**Талкуу: октуучу Ж. М. Султанов**: 2020-2021-окуу жылында Табият таануу жана география факультетинде тарбиялык иштер боюнча бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлдү. Студенттер менен биргеликте ар бир даталуу күндөргө арнап, иш чараларды өткөрдүк. Ар бир кафедрадан жооптуу кызматкерлер өз жардамдарын беришти. Кудай буюрса, жаңы окуу жылынан баштап, дагы алдыга жылдырабыз деген ниеттер бар.

**Т.и.к., доцент И. Ж. Полотов**: Туура айтасыз, Жанарбек Маматкулович, биз да сиз айткан ойлорго кошулабыз. Анткени онлайн мезгилинде да биздин студенттер бош калган жок, ар түрдүү иш чараларга катышышты. Коомдук иштер биздин факультетте жакшы жолго коюлган, иштерине ийгилик каалайм.

**Б.и.к, доцент А. Абдыкааров**: Мен да сиздер айткан ойлорго кошулам, сиздерге чыгармачылык ийгилик каалайм.

**Төрага**: Талкууга чыккан окутуучулар сиздерге ыраазычылык билдирүү менен бирге күн тартибинде коюлган **2чи маселеге** өтсөк.

Билим берүү программасынын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү процедурасын кайра карап чыгуу (Программа жетекчилери, бакалавр, магистр). Бул маселе боюнча сөз кезеги ар бир адистик боюнча программа жетекчилерине берилет. Ошондой эле бул маселе бакалавр жана магистратура бөлүмүндө кандай жүргүзүлүп жатат, баса белгилеп өтсөк. Программа жетекчилери бакалавр, магистратура багыты боюнча канааттандыраарлык деңгээлде иш жүрүп жаткандыгын айтышты.

**Төрага**: Талкууга чыккан окутуучулар сиздерге ыраазычылык билдирүү менен бирге күн тартибинде коюлган 3чү маселеге Табият таануу жана география факультетинин, кафедралардын веб сайты ж.б. маалымат ресурстарынын абалы, ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн ачыктуулугу жана жеткиликтүүлүгүнө өтсөк. Бул маселе боюнча кафедра башчылары билдирүү жасап, канааттандыраарлык деп кабыл алынды.

**Төрага**: Талкууга чыккан окутуучулар сиздерге ыраазычылык билдирүү менен бирге күн тартибинде коюлган 4чү маселе Окумуштуулар Кеңешинин 2020-2021-окуу жылында кабыл алынган чечимдеринин аткарылышы жөнүндө маалымат берип өтсөм. 2020-2021-окуу жылына пландаштырылган иш пландар толугу менен аткарылды. Ар бир айда кеңешме өз убагында өттү, конкурстук шайлоолор боюнча иш кагаздар такталып, башкы корпуска

жеткирилди. Жалпысынан алганда канааттандыраарлык деп кабыл алсак болот.

**Төрага:** Анда эмесе, урматтуу кесиптештер, сиздер менен 5чи маселе Көз карандысыз аккредитациядан өткөн билим берүү программаларындагы кемчилдиктерди жана сунуштарды талкуулоо, иш пландарды иштеп чыгуу маселесине токтолуп өтсөк.

**Талкуу: б.и.к., доцент К.Стамалиев**: урматтуу комиссия мүчөлөрү, сиздерден сураныч, көз карандысыз аккредитациядан өткөн билим берүү программаларындагы кемчилдиктерди жана сунуштарды талкуулап, иш пландарды иштеп чыксаңыздар. Жыйынтыгын деканатка тапшырыңыздар.
**Төрага:** Анда эмесе, урматтуу кесиптештер, сиздер менен ар түрдүү маселелерге кезек берсек:

**6. Ар түрдүү маселелер.**

**6.1.** Х. и. к., доцент А. Сүйүнбекова, лаборатория башчы Г. А. Сарыбаева, окутуучу А. А. Осмонованын Санитардык эпидемиологиялык көзөмөл предмети боюнча практикумду жана х. и. к., доцент А. Сүйүнбекова, ага окутуучу М. О. Ярматов, т. и. д, профессор М. Д. Абдуллаева, окутуучу А. А. Осмонованын "Сынчыл ойлоонун стратегиялары химия сабактарында" аттуу окуу-усулдук колдонмосун талкуулоо жана басмага сунуштоо.

**Угулду:**

**Төрага:** Х. и. к., доцент А. Сүйүнбекова, лаборатория башчы Г. А. Сарыбаева, окутуучу А. А. Осмонованын Санитардык эпидемиологиялык көзөмөл предмети боюнча практикумду жана х. и. к., доцент А. Сүйүнбекова, ага окутуучу М. О. Ярматов, т. и. д, профессор М. Д. Абдуллаева, окутуучу А. А. Осмонованын "Сынчыл ойлоонун стратегиялары химия сабактарында" аттуу окуу-усулдук колдонмосун талкуулоо жана басмага сунуштоо боюнча билдирүү жасады. (Кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмө тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Х. и. д., профессор Д. Т. Алтыбаева, т. и. к., доцент И. Ж. Полотов, х. и. к., доцент К. К. Сапаровдор жарыш сөзгө чыгып сүйлөшүп, 520 100 – Химия багытындагы химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза профили боюнча окуп жаткан студенттер үчүн кыргыз тилиндеги адабияттардын жетишсиздиги жана заман талабына ылайык илимий жактан негизделгендиги боюнча өз ой пикирлерин билдиришип, басмадан чыгарууга

сунуш кылышты.

**Төрага:** Х. и. к., доцент А.Сүйүнбекова, лаборатория башчы Г. А. Сарыбаева, окутуучу А. А. Осмонованын Санитардык эпидемиологиялык көзөмөл предмети боюнча практикумду жана х. и. к., доцент А. Сүйүнбекова, ага окутуучу М. О. Ярматов, т. и. д, профессор М. Д. Абдуллаева, окутуучу А. А. Осмонованын "Сынчыл ойлоонун стратегиялары химия сабактарында" аттуу окуу-усулдук колдонмосун талкуулап, басмага сунуштоого макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

«Макул» – 24 ;

«Каршы» – жок;

«Калыс» – жок.

Рахмат.

**6.2.** "Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын т. и. к., доценти Абжапарова Динара Амалбековнанын "Геодезическое обеспечение геодинамического мониторинга техногенных обьектов на юге Кыргызстана" деген темадагы докторлук илимий ишинин темасын талкуулоо, бекитүү жана илимий иштин консультанты т. и. д., профессор Б. Т. Мазуровду дайындоо.

**Угулду:**

**Төрага:** "Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын т. и. к., доценти Абжапарова Динара Амалбековнанын "Геодезическое обеспечение геодинамического мониторинга техногенных обьектов на юге Кыргызстана" деген темадагы докторлук илимий ишинин темасын талкуулоо, бекитүү жана илимий иштин консультанты т. и. д., профессор Б. Т. Мазуровду дайындоо боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Г. и. д., профессор К. М. Матикеев, г. и. к., доцент З. Э. Шербаева, г. и. к., доцент Самиев К. Т. жарыш сөзгө чыгып сүйлөшүп, кафедранын доценти Д. А. Абжапарованын геодезия тармагында сиңирген эмгектерин жана ийгиликтерин эске алып, "Геодезическое обеспечение геодинамического мониторинга техногенных обьектов на юге Кыргызстана" деген темадагы

докторлук илимий ишинин темасын талкуулап, бекитүүнү жана илимии иштин консультанты катары т. и. д., профессор Б. Т. Мазуровду дайындоону сунуш кылышты.

**Төрага:** "Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын т. и. к., доценти Абжапарова Динара Амалбековнанын "Геодезическое обеспечение геодинамического мониторинга техногенных обьектов на юге Кыргызстана" деген темадагы докторлук илимий ишинин темасын талкуулоого, бекитүүгө жана илимий иштин консультанты т. и. д., профессор Мазуровду дайындоого макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

«Макул» – 24;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

**6.3.** Табият таануу жана география факультетиндеги ар бир адистик боюнча кафедра башчылары 2020-2021-окуу жылындагы МАКтын жана кафедранын отчеттору менен таанышуу жана талкуулоо.

**Угулду:**

**Төрага:** Табият таануу жана география факультетиндеги ар бир адистик боюнча кафедра башчылары тарабынан даярдалган 2020-2021-окуу жылындагы МАКтын жана кафедранын отчеттор менен тааныштырып, талкуулоо боюнча билдирүү жасады. (Кафедранын жана МАКтын отчетторунан көчүрмө тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Х. и. д., профессор Д. Т. Алтыбаева, г. и. к., доцент К. Т. Самиев, г. и. к., доцент З. Э. Шербаева, п. и. к., доцент Д. А. Эмилбекова , б. и. к., доценттер К. Стамалиев, А. Абдыкааров, Ж. Молдалиевдер тарабынан даярдалган отчеттор менен таанышып, канааттандыраарлык деп кабыл алышты.

**Төрага:** Рахмат, урматтуу коллегалар. Жаңы окуу жылына кудай буюрса, жакшы кадамдар менен барабыз. Отчеттор баары канааттандыраарлык деп кабыл алынды.

Күн тартибинде коюлган маселелерди угуп жана талкуулап, кеңешменин мүчөлөрү төмөндөгүдөй **токтом** кабыл алат:

1.Табият таануу жана география факультетиндеги тарбиялык иштердин абалы жана аны жакшыртуунун чаралары боюнча тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары Ж. М. Султановдун билдирүүсү канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
2.Билим берүү программасынын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү процедурасын кайра карап чыгуу боюнча программа жетекчилеринин бакалавр, магистр багыты талкууланып, канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
3.Табият таануу жана география факультетинин, кафедралардын веб сайты ж.б. маалымат ресурстарынын абалы, ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн ачыктуулугу жана жеткиликтүүлүгү боюнча даярдалган кафедра башчыларынын билдирүүсү канааттандыраарлык деп кабыл алынсын..
4.Окумуштуулар Кеңешинин 2020-2021-окуу жылында кабыл алынган чечимдеринин аткарылышы жөнүндө Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор А.Г.Низамиевдин билдирүүсү канааттандыраарлык деп табылсын..
5.Көз карандысыз аккредитациядан өткөн билим берүү программаларындагы кемчилдиктер жана сунуштар талкууланып, комиссия тарабынан иш пландар иштелип чыксын.
6. Х. и. к., доцент А. Сүйүнбекова, лаборатория башчы Г. А. Сарыбаева, окутуучу А. А. Осмонованын Санитардык эпидемиологиялык көзөмөл предмети боюнча практикумду жана х. и. к., доцент А. Сүйүнбекова, ага окутуучу М. О. Ярматов, т. и. д, профессор М. Д. Абдуллаева, окутуучу А. А. Осмонованын "Сынчыл ойлоонун стратегиялары химия сабактарында" аттуу окуу-усулдук колдонмо талкууланып, басмага сунушталсын.

7. "Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын т.и.к., доценти Абжапарова Динара Амалбековнанын "Геодезическое обеспечение геодинамического мониторинга техногенных обьектов на юге Кыргызстана" деген темадагы докторлук илимий ишинин темасы талкууланып, бекитилсин жана илимий иштин консультанты болуп т. и. д., профессор Б.Т. Мазуров дайындалсын.

8. Табият таануу жана география факультетиндеги ар бир адистик боюнча кафедра башчыларынын 2020-2021-окуу жылындагы МАКтын жана кафедранын отчеттору талкууланып, канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

9.Табият таануу жана география факультетинин Окумуштуулар кеңешинин токтомун бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Табият таануу жана география факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,
г. и. д., профессор: А.Г. Низамиев

Окумуштуу катчы, улук окутуучу: Ж.Т. Шерматова